**УДК 323.28**

***Сыйырбеков Т.А., Бейшенкулов Э.Т.***
*КГУим. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***T. A. Sairbekov, E. T. Beishenkulov***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# ЭЛ АРАЛЫК ТЕРРОРИЗМ ЖАНА АНЫН КЫРГЫЗСТАНДАГЫ АБАЛЫ

# МЕЖДУНАРОДНЫЙ ТЕРРОРИЗМ И ЕГО ПРОЯВЛЕНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ

# INTERNATIONAL TERRORISM AND ITS MANIFESTATIONS IN KYRGYZSTAN

***Аннотация:*** *Акыркы кезде диний экстремизм жана террорчулук бир гана Кыргызстанда эле эмес, бүтүндөй дүйнө жүзүндө курч маселеге айланууда. Макалада терроризм жана анын Кыргызстандагы абалы тууралуу сөз болду.*

***Негизги сөздөр:*** *эл аралык терроризм; дүйнө коркунучу; согуш; диний экстремисттер.*

***Аннотация:*** *В последние годы религиозный экстремизм и терроризм не только в Кыргызстане, но и во всем мире становится острой проблемой. В статье говорится о терроризме и его проявлениях в Кыргызстане.*

***Ключевые слова:*** *международный терроризм; военная угроза; религиозные экстремисты.*

***Annotation:*** *In recent years, religious extremism and terrorism around the world, not only in Kyrgyzstan, but also becomes an acute problem. The article talked about terrorism and the situation in Kyrgyzstan.*

***Key words:*** *international terrorism, the threat of war and religious extremists.*

XX-кылымдын аягы – XXI-к. башында дүйнөлүк алкакта эл аралык терроризм абдан күч алып жатат. Аны менен тыгыз байланышкан экстремисттик борборлор Борбордук Азияны, анын ичинде Кыргызстанды, ислам дининин таасири күчтүү аймактарын экспансиялап алуу аракетин жасап келүүдө. Терроризм түшүнүнүгүнүн өзү да бүгүнкү күндө камтыган алкагы менен гана эмес, маанилик жагынан улам кулач жайып, кенири мааниге өтүүгө. Токтолуп өтсөк, терроризм – бул, саясий жана экономикалык максаттарга мыйзамсыз жолдор менен жетүүгө аракет жасоо. Терроризмдин негизги максаты – кандайдыр бир чакырыкка же болбосо саясий келишпөөчүлүккө коомдун көңүлүн буруу, башкача айтканда, саясий бийликке таасир көрсөтүү жана коомду коркутуу. Учурда терроризмдин стратегиясы өнүккөн доорго жана социо-экономикалык түзүлүшкө жараша бир топ өнүгүп, улам барган сайын кеңири аймакты камтууга умтулууда.

Дүйнөнүн бүгүнкү күндөгү бет алган багыты экономикалык жана саясий кызыкчылыктарды тирештирип, таасир талаштырып турат. Ошондон улам, «бөлүп ал да башкара бер» же болбосо «өзүңдүн кызыкчылыгыңа зыяны тийбегидей төмөн деңгээлде карма» деген позицияны карманган айрым блоктордун же болбосо ири державалардын диний, этникалык, расалык багыттагы ар түрдүү маселелерди, социо-экономикалык жакырчылыкты терроризмге жем катары пайдаланганын көрүүгө болот. Мындай нерсе абалды табийгый жана жасалма жол менен чыңалтып, терроризмдин жаралуусуна себеп жаратат.

Терроризмдин пайда болуусунун бир нече себептери бар. Дүйнө өлкөлөрүнө көз жүгүртө турган болсок, терроризмге төмөнкүдөй себептер шыкак болгонун баамдоого болот:

1.Жакырчылык жана теңсиздик;

2.Сабатсыздык жана караңгылык;

3.Чөйрөнүн терс таасири;

4.Өкмөттүн күчсүздүгү, бийликтин укугунун чектелүү болушу;

5.Бийликтеги кызыкчылык;

6.Үй-бүлөдөгү жана билим берүү тармагындагы тарбиянын жетишсиздиги;

7.Сырткы таасирлер.

Ошол эле учурда терроризм мыйзамсыз жүргүзүлгөн аракеттердин эсебинен б.а. адам сатуу жана контарбандалык уюмдар сыяктуу сырткы булактардан, наркобизнестегилерден, ири өлчөмдөгү каракчылык, милдеттүү түрдөгү жана өз каалоосу менен көрсөтүлгөн жардамдар аркылуу каржыланып келе жатат.[1]

Бүгүнкү атайын илимий иликтөөлөр дүйнөдөгү кездешкен терроризмдин төмөндөгү түрлөрүн көрсөтүүдө:

**1. Мамлекеттик террор.** Өзүнүн үстөмдүк кылган саясий режимин сактап калуу же болбосо улантуу максатында түздөн-түз же атайын бир топторду пайдалануу менен укуктук ченемдерден тышкары өз жарандарын коркутуу, кыйноо, атуу, саясий атаандаштарынын көзүн тазалатуу сыяктуу оор кылмыштар «мамлекеттик террор» деп аталат.

Бир мамлекет башка бир мамлекеттин стратегиялык артыкчылыктарын өзүнө каратуу же андан көбүрөөк пайдалануу үчүн эч себепсиз согуш ачса, дүйнөнүн сынына кабылары турган иш. Ошол себептен түздөн-түз эл аралык терроризмди пайдаланышы мүмкүн. Бул ишти өзүнүн расмий мекемеси же расмий кызмат адамдары аркылуу ишке ашырса, анда бул аракет «мамлекеттик терроризм» деп аталат. Кээде мамлекет түздөн-түз террористтик аракеттерди жасабашы мүмкүн. Бирок, расмий кызыкчылыгына жетүү үчүн террористтик топторго акча, билим, курал, жардыруучу заттар, жашыруун маалымат, жашырынууга жай, байланыш каражаттары, паспорт, документ жана башка логистикалык колдоолорду бериши мүмкүн. Дүйнөлүк тарыхта мамлекеттик терроризмдин мындан башка дагы түрлөрү бар. Бирок, мындай аракеттердин анык жүзү же чындык тарабы көбүнесе көмүскөдө калып, мамлекет кандай кааласа, массалык маалымат каражаттарынан (ММК) ошондой маалымат берилет.

**2. Этникалык, улутчулдук террор.** Белгилүү бир этникалык топтордун мамлекеттик мыйзамда көрсөтүлгөндөн ашыкча укуктарды талап кылып, же адилетсиздикти токтотууну шылтоо кылып, же мамлекеттик саясатка каршы чыгып, бийликти тааныбай, мамлекеттин бүтүндүгүнө доо кетирип, өз алдынча мамлекет куруу максатында жасалган катаал, ырайымсыз аракеттери «этникалык терроризм» деп аталат. «Этникалык терроризм» статусу ыйгарылган террордук окуялар 1900-жылдын экинчи жарымынан баштап дүйнөгө өтө тездик менен тараган. Бул жерде статистикалык көрсөткүч да маанилүү роль ойнойт.

**3. Диний, радикалдык террор.** Дүйнөдөгү эч кайсы дин терроризмди жана ырайымсыз кыйноолорду жактабайт. Тилекке каршы, күнүмдүк турмуштун тилинде, илимий тилде же болбосо ММКнын тилинде «диний терроризм» деген сөз атайын термин катары колдонулуп, айрыкча бул сөздүн ислам динине таңууланып жатышы өкүндүрбөй койбойт. Ачыгын айтканда, учурда дин бүт дүйнөдө саясий, идеологиялык же болбосо башка кызыкчылыктар үчүн пайдаланылып жатат. [2]

**4. Кибер террор.** 1990-жылдарда интернеттик технологиянын өтө ылдам өнүгүүсүнүн натыйжасында «кибер террор» деген сөз пайда болгон.

Террордун бул түрү интернетке байланышкан компьютер аркылуу банк эсептериндеги акчаны башка жакка которуп алуу, системадагы жашыруун маалыматтарды уурдап алуу, жана албетте бомбаны компьютер менен башкарып талкалоо өңдүү коркунучтуу зыяндарды келтирет.

Ал эми Кыргызстан өзүнүн тарыхында мурдагы постсоветтик өлкөлөрдүн ичинен алгачкылардан болуп терроризм менен бет келишкен өлкөлөрдүн бири болуп калды. Бул 1999-2000-жылдардагы Баткен окуясы болгон эле. Диний зкстремисттердин тобу куралданып Кыргызстандын түштүгүнө өздөрүнүн лагерин курган. Максатына жетүү үчүн алар Кыргызстандык милициянын, райондук администрациянын кызматкерлерин, ал жакта иштеген япондук төрт геологду жана карапайым адамдарды барымтага алышкан. Бир катар кыштактарды басып алууга үлгүрүшкөн. Өздөрүн Өзбек Республикасынын мамлекеттик бийлигинин оппозициясыбыз деп эсептеген бандиттик топтор Кыргызстандын аймагын өздөрүнүн база-

сына айландыруу, тажрыйбасы жок жергиликтүү жаштардын башын айлантып өздөрүнө тартуу, алардан келечектеги баскынчыларды даярдоо максатын көздөшкөн.

Динге жамынган террористтердин бул аракети Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан эгемендүү мамлекетибиздин территориялык бүтүндүгүнө шек келтирүү катары бааланып, аларды талкалоо, республиканын чегинен сүрүп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алган. Региондук деңгээлдеги терроризмге каршы күрөштө Кыргызстанга «Шанхай бешилтигинин» келишимдерине ылайык Өзбекстан, Россия, Армения жана Казакстан аскердик-техникалык жактан көмөк көрсөтүшкөн. Кыргызстандын 55 офицерлери менен жоокерлери бул кармашта Ата Мекен үчүн курман болгондугу белгилүү.

Мындай куралдуу кагылышуулар Кыргызстандын жалпы элинин биримдигинин, душманга каршы сокку уруу жөндөмдүүлүгүн сыноодон өткөрдү. Республиканын көптөгөн жаштары Кыргызстандын бүтүндүгүн коргоо, бандиттик топторду талкалоо үчүн өз ыктыяры менен аттанышкан. Бул окуя эгемендүү республикабызды коргоо жөндөмдүүлүгүн арттыруу ишинде чоң сабак болду.

2017 жылы Ички иштер министрлиги Кыргызстанда 1200дөн ашуун адам «террорчу» деп катталганын айтып чыккан. Алардын 1192и «Хизб-ут-Тахрир» уюмунун жактоочулары, ал эми 49 вахабисттер, 36 акромисттер жана экөө Өзбекстан Ислам кыймылынын өкүлү экенин ырасташкан эле. Бул өлкөбүз ар тараптан майда уюшкан топтордун коркунучтуу иш чараларынын кысымында тургандыгын далилдеген.[3]

Соңку учурларда Ооганстан аймагындагы террордук уюмдардын машыгуу лагерлеринде эки жүздөй кыргызстандык атуул согуштук даярдыктан өтүп жатышы ыктымал деген маалыматтар айтыла баштаган. Кыргыз бийликтери алардын так саны жок экенин айтып, ар кандай террордук топтордун бастырып кирүүсүнө алдын-алууга багытталган иш-чаралар жүрүп жатканын билдирген. Чет элдик байкоочулар терроризм Кыргызстанда демейдеги көрүнүшкө айланып калышы мүмкүн экенин эскертишсе, айрым жергиликтүү коопсуздук эксперттери болсо өлкөдө терроризм жана экстремизм коркунучун негизсиз көбүртүп-жабыртып жатышканын айтып келишет.

Терроризмдин тийиштүү маселеге жана анын баалуулугуна жараша түрдүү аныктамалары бар . Террор – коркутуу аракети. Террор – психологиялык согуштагы таасир этүү аракети. Терроризм – коомдорго багыт берүүчүлөрдүн таасирлүү куралы. Терроризм – психологиялык согуштун бир ыкмасы катары элдердин, коомдордун аң-сезимин бурмалап, жүрөгүнүн үшүн алып, андан соң каалаган багытка жетелөөнү максат кылат.

Терроризм – коркутуу, жек көрүү, өч алуу сезимдерин дүйнөгө жаюу менен катар көшөгө артындагы көп акыйкаттардын үстүн жаап жашырып келген жана ал багытталган тараптын гана эмес, аны өз кызыкчылыгы үчүн пайдаланып жаткан тарап үчүн да өтө кооптуу жана коркунучтуу болгон илдет.[4]

Акыркы кезде диний экстремизм жана террорчулук бир гана Кыргызстанда эле эмес, бүтүндөй дүйнө жүзүндө курч маселеге айланууда. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзүндөгү жүздөгөн адамдардын өмүрүн алып кетип жаткан террактык жардыруулар, учактардын кулашы сыяктуу террористик фактылар биздин өлкөбүздүн коопсуздугуна терс таасирин тийгизбей койбойт. Бул тууралуу ар дайым эл менен түшүндүрүү иштерин жүргүзүп туруу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Гринин Л.Е. Глобализация и процессы трансформации национального суверенитета // Век глобализации, 2012.
2. Егоров К.Ю. Международный терроризм как глобальная угроза // Власть. М., 2011.
3. Профилактика экстремизма и терроризма: методическое пособие пропагандистам /Под. общ. ред. Л. Н. Панковой, Ю. В. Таранухи. М.: Университетская книга, 2016
4. http: //old.kabar.kg/kyr/MMKKGtuuralu/full/68952


**Рецензент:** *канд. филос. наук, доцент Самыйканов А.*